Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2008- жылдын 11-августь №495/1 буйругу менен бекитилген

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитети жөнүндө типтүү

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.

1.2.Ата-энелер комитети жөнүндө жобо жалпы мектептин ата-энелер чогулушунда кабыл алынып , бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен ишке киргизилет.

1.3. Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары "комитет" деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчёт) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү – 3 жыл(же комитеттин жылына үчтөн бири алмаштырып турат.

1.4. Анын иш аракетинин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

1.5. Комитеттин иш аракеттери Кыргыз Республикасынын "балдар жөнүндөгү" Кодексине, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү" типтүү жобосу, "Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы" жана ушул жобого ылайык ишке ашырылат.

1.6. Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мепктептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

## I. Негизги милдеттери

## Ата-энелер комитетинин милдеттери.

2.1. Жалпы билим берүүчү мектептин жетекчисине:

-- мамлекеттик билим берүү уюмдарында балдар менен мектеп жашындагы өспүрүмдөрдүн милдеттүү түрдө жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алуусуна;

-- мамлекеттик билим берүү уюмдарындагыдай эле мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмдарында да Кыргыз Республикасынын ченемди – укук актыларына ылайык, окуучулардын окуу жүктөмү (нагрузкасы), сабактардын тартиби, үйдөн окуусуна жана дарылоо мекемелеринде окутууга;

-- жалпы мектептик иш чараларды уюштурууга жана аларды өткөрүүгө көмөк көрсөтөт

2.2. Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларынын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен аларды укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү, үй-бүлөдө

баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди жүргүзүү болуп эсептелет.

3. Жалпы мектептик ата – энелер комитетинин функциялары

3.1. Окуу-тарбиялык процессти уюштуруу үчүн (окуу китептерин, көрсөтмө усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого, окутуу жабдуулары менен камсыз кылууга ж.б.) оптималдуу шарттарды камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттердин иш аракеттерин координациялайт.

3.3. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары менен милдеттери жөнүндө түшүндүрүү жана консультативдик иштерди өткөрөт.

3.4 Жалпы мектептин иш –чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелер комитетинин билгилигине (компетенциясына) таандык жалпы мектептик ж.б. иштерди өткөрүү маселелери боюнча тең башкаруунун башка да органдары менен бирге өз ара иш алпарат.

3.5. Жалпы билим берүү уюмун жаңы окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.

3.6. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануусунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн сапатын уюштурууну көзөмөлдөйт.

3.7. Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш-жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.

3.8. Өз дарегине, ошондой эле ушул жобо тарабынан комиттеттин билгилигине таандык Жобо тарабынан белгиленген маселелер боюнча түшкөн кайрылууларды жалпы билим берүү уюумунун жетекчисинин тапшыруусу боюнча карап чыгат.

3.9 Комитеттин билгилигине кирген маселелер боюнча жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкуулайт.

3.10. Билим берүү процессин жүзөгө ашыруунун жана санитардык-гигиеналык эрежелери менен нормаларын аткаруунун коопсуздук шарттарын уюштурууга катышат.

3.11. Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ыйңайларын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенет.

3.12. Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды, көзөмөлсүз жана кароосуз калгандардын алдын алуу маселеси боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жамааттары менен бирге өз ара иш алпарат.